Инв. 300

Сенной

письмо Карпачёва Кудайбергену

1918 г.

Кыргыз ССРнин эмгек синирген мугалими
Карымбаев Кудайбергендин жазып алган
"Семетей" эпосунан үзүндүсүнө кыскача
п и к и р

Кол жазманын башталышында кара сөз менен Карымбаев тарабынан жазылган бир баракчадагы маалыматта элдин арасында таркап, окулуп жүргөн кол жазма түрүндөгү эпосту 1930-1931-жылдары таап алып көчүргөндүгү эскерилет. Ошол көчүрүлүп алган күндөн тартып бул кол жазма Карымбаевдин өздүк архивинде ушул күнгө чейин сакталып келген. Мунун алгачкы көчүрмөсү Карымбаевдин айтуусу боюнча Кочкор районунда жашап турган Малтабаров деген адамда экен. Ошол адамдан Карымбаев алып көчүргөн. Ал эми Малтабаров болсо бул көчүрмөнү кимдин айтуусундагы жана кимден алып калгандыгы жөнүндөгү эскермеси жок.

Колубузда турган "Семетей" эпосунун кол жазмасын буга чейин эле Карымбаев К. бул институтка өткөрүүгө аракеттенген, бирок айрым бир себептер менен өтпөй калган. Анткени, бул кол жазманы алгач караган "Манас" эпосун айтуучу жана изилдеп жыйноочу Ы.Абдырахманов (Молдоке) башка кол жазмалар менен салыштырып карап чыгат да "Семетейдин" бул нускасы Тоголок Молдонун варианты экендигин, ошондой эле анын оргиналы (түп нускасы) эмес, анын көчүрмөсү экендигин айткан. Мына ушунун негизинде бул кол жазма фондуга өтпөй калган болушу керек.

Андан кийинки жылдары "Манас" секторунун илимий кызматкери Р.Сарыпбеков тарабынан да бул кол жазма фондуда сакталып турган түп нуска менен салыштырылып Тоглок Молдонун айтуусундагы варианттын көчүрмөсү экендиги, ошондой эле толук эмес экендиги

далилденген соң анда да Карымбаев Кудайберген кол жазмасын кайтарып алып, өткөрбөй кеткен.

"Семетей" эпосунун кол жазмасын мектеп окуучуларынын куралы болгон түз сызыктуу 1950-жылдардын ичинде чыккан дептерге төрт саптан, айрым жерлерде алты саптан кылып, куплетке бөлүп азыркы алфавит менен көчүрүлгөн. Көчүрмөнү бир эле адам жазбастан бир нече адам жазгандыгын андагы жазылган коллиграфиядан көрүүгө болот. Бардыгы 21 дептер.

Бул кол жазмада Манас өлгөдөн кийин Каныкейдин арман кошогу менен башталат. Анда Манасты жоктоп, Семетейдин жаштыгын эскерет. Каныкей Манастын кыркын жана ашын берүүгө ой жүгүртүп, бирок Манастын инилери болгон Абыке, Көбөшкө жана атасы Жакыпка ишене бербестен, Бакайга кеңеш салып, Манастын сөөгүн коюп, кыркын бердирет. Анан Манаска арнап күмбөз салдырат. Ар кайсы жактан усталарды алдырып жыл маалы болгончо бүтүртүп, усталарга акысын берип ар бирин өз жерине жиберет. Ашты өткөрүү үчүн Бакай менен кеңешет да Көбөшкө айттырат. Көбөш каршы турат. Көбөштү Абыке менен Жакып аркылуу алдап көндүрүп, аш берүүгө кам ура баштайт. Кадимки "Көкөтөйдүн ашы" баяндалган сыяктуу эле мында да аш камылгасы, кандарды ашка чакыруу, хандардын келиши, оюн-зоок кечеси, балбан күрөш, ат чабуу ж.б. шаан-шөкөт, жөрөлгөлөрдүн бардыгы эскерилип баяндалат. Аштан кийин Каныкейге жуучулар келип, канжар жеп, андан соң Каныкей Чыйырды менен Семетейди алып Букарга качат. Башка варианттардагыдай эле Семетей Букарда чоңоюп, Сары таазга жолугуп, атасы Манас, жери Талас экендигин угуп, энеси Каныкейден сурайт. Каныкей бардык болгон окуяны төкпөй чачпай айтып берет. Семетей Таласка келет. Бакайга, Жакыпка,Абыке менен Көбөшкө жолугат. Атасынын мүлкүн алат. Тайбуурулду Абыкеге айтып

тапшырат. Ушул жерге келгенде эпостун мазмуну үзүлүп калат. Кол жазманын акыркы дептеринде (21-дептерде) кырк чоронун качканынан башталып, Жакып, Абыке, Көбөштөрдүн өлүмү жана кырк чоронун кырылышы жана аларга күмбөз тургузулушу, ошондой Букардан келген таякелерине сыйлык берип, жерине узатканы менен аяктайт. Негизинен кыскача мазмуну ушул.

Эми, чынында эле Тоголок Молдонун вариантынын түп нускасы болбосо да көчүрмөсү азыркы алфавитте жазылып алынганына карабастан, муну кол жазма катары эл арасында ушул убакка чейин сакталып келгендигин эске алса болот. Анткени, негизги түп нускасы араб тамгасында жазылып, ал эми кийинки көчүрмөлөрү латын, кийин орус алфавитине көчүрүлгөндүн өзү да кызыктуу болуп жатат. Муну түп нуска менен салыштырган учурда да, балким, айырмачылыктар болушу мүмкүн. Ошон үчүн эл арасында тарап, колдон колго өтүп, көчүрүлүп жүрүүнүн өзү да бир топ кызыктуу ойлордун жаралышына алып келет.

Ошондуктан, Тоголок Молдонун вариантынын түп нускасы болбогон дугуна карабастан, бул кол жазманы анын көчүрмөсү экен деп карабастан өткөрүп алса жарайт деген тыянак=жыйынтыкка келдик.

"Манас" секторунун улук илимий кызматкери, филология илимдеринин кандидаты К.Кырбашев

14/VI 1988-жыл.

Вилеми

Жийнокурай Тепшуруз

Сай Сенгтайдыз Ме Кыз
Сезлем Дыйск Сыгырем
Кургатлыкем Карлыгач
Кудайбергем 1930-ж. Жыгарбыз
Жайлагыдыз. Дыгем
Колхоз Жерде Кыл Жиз-
Ме Кыз Курут Кыздыз
Кыладыкем. Онокдаз
Бер Ме Кем Из Колхоз
Жайлагыз Кыгем. Кыш
Ашлыкыз Ашлыр Бергенз
Жиз — Бу Кыштыз
Ме-Кыгем Ойлыкыз Кыгыр
Районлыз. Жыйлыз Ме
Жыдыз Ойлыз Ашлыз Ме
Кыгыр Ойкы. Кыш — Бу
Карлыгач Ойлыкыз
Ойлыз Кыгем.